**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБУЛУСУ**
**ТОКТОГУЛ РАЙОНУ**

**БЕЛ-АЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
721603, Сары-Сөгөт айылы, Т.Жайылов көч. 25
тел: (3747) 6-01-43
E-mail: bel-aldy@bk.ru
э/э 440804100100192
ИНН 00411199610212

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ДЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОКТОГУЛЬСКОГО РАЙОНА**

**БЕЛ-АЛДЫНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕҢЕШ**
721603, с.Сары-Согот, ул. Т.Жайылова 25
тел: (3747) 6-01-43
E-mail: bel-aldy@bk.ru
э/э 440804100100192
ИНН 00411199610212

# ТОКТОМ № 6

**Бел-Алды айылдык кенешинин VII чакырылышынын кезексиз XXXIV сессиясы**

**16-февраль 2024-жыл** **Бел-Алды айылы**

## Органикалык аймак аталышын бекитүү жөнүндө

Бел-Алды айыл аймагынын айыл айылдарда айыл тургундарынын органикалык аймак аталышына өтүүгө макулдугун берүү боюнча болуп өткөн чогулуштун протоколунун негизинде башкы адис Ч.Сманбековдун маалыматын угуп жана талкуулап Бел-Алды айылдык кенешинин VII чакырылышынын кезектеги XXXIV сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад областынын Токтогул районунун Бел-Алды айыл аймагында органикалык айыл чарбасынын жана жаратылыш ресуртарын үнөмдөөчү технологияларын жайылтуу, жашоочуларына экологиялык таза азыктар менен камсыз кылуу, өндүрүлгөн органикалык азыктарды сатууга өбөлгө түзүү менен айыл жашоочуларынын экономикалык абалын жакшыртуу аркылуу айыл жеринде туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу максатында Бел-Алды органикалык аймак болуп түзүлсүн.

2. Органикалык аймактарда органикалык айыл чарба технологияларын жайылтуу, бирпрепараттарды колдонуу, органикалык азыктарды өндүрүү жана кайра иштетүү, тангактоо, сактоо, сатууга стандарттарды жана сертификаттарды эрежелери боюнча практикалык жардамды алуу жана ошондой эле мындан ары органикалык аймактагы чарбалык иштерди жандандыруу үчүн инвестиция тартуу үчүн Кыргыз Республикасынын айыл чарба департаментинен суралсын.

3. Калк арасында органикалык азыктарды өнүктүрүү боюнча жер-жерлерде түшүндүрүү иштери жүргүзүү жагы башкы адис Ч.Сманбековко жүктөлсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл кенешинин туруктуу депутаттык комиссиясына тапшырылсын.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык веб-сайтка жайгаштырылсын жана Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

**Төрайым:** **Ж.Шарипова**